ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

УДК 671.12:669.222.671.12:669.22 (045/046)

**М.Т. БЕЙШЕМБАЕВА**
КГУСТА ИМ. Н. ИСАНОВА,
БИШКЕК, КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
E-MAIL: MISTER.KMK@MAIL.RU
**M.T. BEISHEMBAEVA**
KSUCTA N.A. N. ISANOV,
BISHKEK, KYRGYZ REPUBLIC
E-MAIL: MISTER.KMK@MAIL.RU
***E.mail. ksucta@elcat.kg***

# КЫРГЫЗДЫН САЛТТУУ ЗЕР БУЮМДАРЫ ЖАНА АЛАРДЫН КООМДОГУ ОРДУ

# КЫРГЫЗСКОЕ ТРАДИЦИОННОЕ ЮВЕЛИРНОЕ ИСКУССТВО И ЕГО МЕСТО В СОВРЕМЕННОМ ОБЩЕСТВЕ

# KYRGYZ TRADITIONAL ART OF JEWELRY AND ITS PLACE IN MODERN SOCIETY

*Көркөм кол өнөрчүлүк анын ичинде зергерчилик – калк казынасы, атадан балага, энеден кызга өткөн мурас. Бул чыгармачылык өнөр элдин тиричилиги, турмуш шарттары менен тыгыз байланышып, элдин байыркы маданиятын, мүнөзүн жана рухий дүйнөсүн, көркөм ой жүгүртүүсүн чагылдырат. Зергерчилик – улуттук маданияттын ажырагыс бир бөлүгү.*

***Чечүүчү сөздөр:*** *шакек, иймек, тумар, топчу, төйнөгүч, билерик, мончок, алтын, күмүш, сөөк.*

*Прикладное искусство, включая ювелирное искусство - сокровище народа, наследие, передающееся от отца сыну, от матери - дочери. Это искусство тесно связано с бытом народа, условиями его жизни и является отражением древней культуры народа, его характера и духовного мира, художественного мышления. Ювелирное искусство является неразделимой частью национальной культуры.*

***Ключевые слова:*** *кольцо, серьги, бусы, пуговица, булавка, браслет, ожерелье, золото, серебро, рога, кости.*

*Practical art including jewelry art is a treasure trove of people heritage transmitted from father to son, from mother to son. This art is closely connected with the life of the people, the conditions of their life and is a reflection of the ancient culture of its people, nature and the spiritual world as well as its artistic mindset. Jewelry is an inseparable part of national culture.*

***Key words:*** *ring, earrings, beads, button, pin, bracelet, necklace, gold, silver, horns, bones.*

Зергерчиликке коздук түшүрүү – бул аялдар себине, ат жабдыктарынын негизги бөлүктөрүнө, жыгач, мүйүз, сөөк тери буюмдарына темир чегүү, ага күмүш жалатуу жана анын бетине көркөм оюу берүү. Бул зергерчиликте «сынпоздоо». «чегелөө», «шөкөттөө» деп аталат. Чыгаан усталар кыз-келиндер зер буюмдарын өзгөчө асемдеп жасашкан. Маселен, оюу-чийүүлөргө назар таштасак, «аркар мүйүз», «сыңар мүйүз», «суу», «кыял», «жалбырак» үлгүлөрү көз тартылат.

Демек зергерчилик - кол өнөрчүлүктүн өзөгүн түзүп, өзгөчө терен мааниге ээ экенин айтпай кетүү кыйын. Анда эмесе дал ушул өнөргө кененирээк токтоло кетели.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

Зер (фарсча зэр - алтын) - алтын, күмүш жана башка кымбат баалуу кооздук заттардан зым тарткычка созулуп жасалган жипчелер; өз ара өрүлгөн, эшилген, токулган зым торчолор. Зер жипчелерин белгилүү бир үлгү боюнча сызып алган нерселердин бетине кештелейт. Зер кештеси саймада, тигүү өнөрүндө көп колдонулат.

Түстүү асыл металлдардан кооз буюмдарды (билерик, иймек, искек, желбиреөч, оймок, шакек, сөйкө, бой тумар, топчу, чолпу, күбөк, кемер, кыргак, чачпак ж.б.) зергер-усталар шөкөттөп жасашат. Кыргыздын колунан көөрү төгүлгөн зергерлер көп чыккан. Алар өздөрү жашаган үйдө же уста үйдө узанышып, бирден-экиден шакирттерине үйрөтүшкөн. Алар асыл металлдарды эритип куюу, баалуу таштарды, бермет-шуруларды экинчи затка оюп отургузуу, үстүнө чөгөрүү, оюп-чиймелөө, алтын-күмүштүн буусуна кармоо аркылуу көркөмдөгөн. Зергерлер жасаган кээ бир буюмдар өтө баалуу жана барктуу болгондуктан, баатырдык көрсөткөндөргө, мелдеште жеңгендерге, төкмө ырчыларга сыйлык-тартуу катары, жарышка чыккан күлүк аттардын байгесине берилген. Зергерчилик байыркы заманда эмгектин ич ара бөлүнүшүндө темир устачылыктан ажырап чыккан. Археологиялык табылгалар зергерчиликтин байыркы заманда пайда болгонун далилдейт.

Зергерчилик-элдик көркөм кол өнөрчүлүктүн бир түрү. Асыл металлдардан кооз буюм жасоо, зергерчиликте күмүштү кармоонун негизги ыкмаларына күмүштү «жашытуу» жана аны кара темир бетине «жалатуу», күмүштү «эритүү», «зоот түшүрүү» (сыя төгүү), күмүштү «тарылатуу» (киркелетүү), «чыпкалоо», «көркөмдөп коюу», «төрдөө», «тогуз төбөлөө», «кертүү» анан «согуу», «эшүү» өңдүүлөр кирет.

Элдик зергерчиликте чеберлер күмүшкө оюм-чийим түшүрүү салты менен жөнөкөй жез, коло. таш, калай, кара темирди жогорудагыдай иштетишкен.

Зым тарткыч – күмүш жана жез сыяктуу ийилгич заттардан жоондугу ар кандай зымдарды жасоого ылайыкташкан зергерчилик куралы. Ал эки түрдүү жасалат. Күлботондон жанаяк сымал жасалып, түбүндө кенендиги ар кандай тешиктер болот да, зымды тартууда бир гана тешиги калтырылып, калгандары чопо менен бүтөлөт. Көөрүктүн чогуна эриген металл зым таркычтары тешиктин көзүнөн ипичке болуп созула берет.

Экинчиден, зым тарткычтын атайын калыбы бар. Анан ар кандай кенендикте 15-20 дай тешиги болот. Алардан өткөн зым ичке созулуп чыгат. Бул ыкма «кыргыга салуу» деп да аталат. Күмүш зымды зергерлер көбүнчө кыз-келиндердин желбиреөч, сөйкө, билерик, шакек, төөнөгүч сыяктуу кооз буюмдарына жана ат жабдыктарына колдонушкан.

XIII -XIX кылымдардагы кыргыз аялдарына жана эркектерине таандык кооздук зер буюмдары азыркы тапта да элдин кызыгуусун арттырып, аны заманбап ыргагында жасап тагынууга түрткү берет.

Билерик – кыз-келиндер билегине салына турган күмүштөн, алтындан же башка кымбат металлдардан зергерчилик ыкмасы менен жасалган кооз буюм. Зергерлер билерикке акак таш, айнек, мончок чөгөрүп, «сиркеленип», «тогуз тоболоп», «сыя төгүп», «кыял», «мүйүз», «бармак боочу» өңдүү оюм-чийим түшүрүлүп, «зым торчолоп» же «сомдоп» кооздоп жасашкан. Билериктин жумуру жана жалпак түрлөрү болот. Күмүштөн жатак кылып, ага асыл таш чөгөрүүгө данакер зарыл.

Ал эми мүйүз билерик да өзүнчө көркөм болот. Мүйүздүн көңдөй жеринен арааланып алынат да, билерик турпатына салынат. Ага да асыл таштардан асем көзчө салынат. Элдик оюм-чийимдин татынакай нускаларын түшүрсө да болот.

Топчу – кийимдин бир элементи; ички жана сырт кийимдин эки өңүрүн бириктирүү үчүн тагылуучу нерсе. Байыркы заманда көп элдерде ошондой эле кыргыздарда да топчунун ордуна бүчүлүк тагылган. Кийин топчу сөөктөн, мүйүздөн, бара-бара кол өнөрчүлүктүн өнүгүшү менен коло, жез, алтын, күмүштөн жасала баштаган. Кооздук үчүн жасалган топчуларга бермет, шуру, ж.б. асыл таштар чөгөрүлгөн.

Мындай топчулар кооздук үчүн кийимдин төш жагына, жакага кыркалата тагылган. Топчуну темирден кармап, ич жагынан кийим кечеге кадалуучу илгич жасап, аны кепшер аркылуу карматат. Оң бетине ат жабдыктарын шөкөттөгөндөй эле күмүш жалатып, оюм-чийим түшүрүшөт. Ал «чыпкалоо» жана «сыялоо» ыкмалары менен жүзөгө

ашкан. Топчу бетине түшкөн андай оюм-чийимдер «мүйүз», «карга тырмак», «кы
өңдөнүп, өзүнчө жарашык берип турат. Элибиз үчүн күмүш бетине түшкөн «мүйүз оюмдагы» мөөр шакектер жогору бааланган.

Мүйүз топчу жана седеп илгерки турмуш-тиричиликке көп керектелген. Алардын тегерек, сүйрү, төрт бурчтуу түрлөрү болуп, атайын темир илгич салынып же өзүнөн тешик буйла жасалган. Мүйүздү жылмалоо үчүн өгөө жана торко электен өткөн кумду кийизге жугузуп, ийине келтире жышышат.

Чолпу(чач уштук) – аялдардын чачына байлануучу зер буюм. Чолпунун тумарчасы болот да, оюм түшүрүлгөн төрткө чейин чыгат. Алар өзүнчө шакекче менен данакерленет. Чолпу чачтын учуна жип менен биригет. Айрым учурда бири-бирине туташтырылган кичинекей тегерек күмүштөн, күмүш тыйындан да болот. Аны кээде чач теңге деп да аташат. Чолпу асыл таштардан «тогуз тоболонуп», анын четин «сиркелетип» күмүш шакекчелер «чаян» түйүм менен коздолот. Мыкта чолпунун бир канаты сегизден он алты тегерекке чейин жетип, зергерлер ага «кыял», «карга тырмак» «айчык», «мүйүз» оюмдарын түшүрүшөт. Чолпунун жасалышы, коздолушу, асыл таш чөгөрүлүшү, оймо түшүрүлүшү, жылаажын тагылышы ж.б. боюнча жергиликтүү өзгөчөлүктөргө ээ. Чачыктары чыйратылган жибек жиптен бир карыш узундукта жасалып, чон чачык (кисть) түрүндө чач уштуктун же күмүш тенгелердин учуна бекитилет. Мүйүз сөөктөн да чач уштук кармаган зергерлер бар. Айрым жерлерде чолпу ордуна күбөк тагынышат. Анын формасы башкачараак болот.  Чолпу тууралуу «Манас» эпосунда да айтылат. Мисалы ал манасчы Саякбай Каралаевдин айтуусунда төмөндөгүдөй берилет:

Карып калган жашында,
Ак элечек башында
Чачпагы артта жаркылдап,
Кыргызга болгон асыл баа…

Шакек – колдун манжаларына салынуучу асем буюм. Шакек палеолитте сөөктөн. неолитте таштан, коло доорунда металлдан жасалган. Байыркы Египетте көзчөсүндө оймо, сүрөт жана жазуусу бар мөөр шакек тараган. Мөөр шакекти кийин эгейликтер, гректер, этрустар, римдиктер да кол коюуда пайдаланышкан. Байыркы Русь шаарларында алтын, күмүш жана асыл таштан жасалган шакек таралган. Археологиялык маалыматтарга караганда кыргыздар шакекти илгертеден эле салынган. Кыргыз зергерлери шакекти оймо-чийме түшүрүп, инкрустациялап, акак таш, шуру ж.б. асыл таш чөгөрүп коздоп жасашкан. Шакек материалына карай күмүш шакек, алтын шакек ж.б. жасалуу ыкмасы боюнча асыл таш чөгөрүлгөн көздүү шакек, тамандуу (оймо-чиймеленген) же мөөр шакек, жөнөкөй шакек болуп айырмаланат. Мөөр шакекти бай-манаптар мөөр катары пайдаланышкан. Элдик кол өнөрдүн негизинде жана учурдун талабына ылайык жасалган шакектер азыр да кенен таралган.

Сөйкө (сырга) – кыз-келиндерибиздин кулакка тага турган зер буюму. Анын кулакка илчү иймеги, ичке моюну, сүйрү, тегерек, жумуру, жүрөкчө сыяктуу түрдүү формасы болот. Сөйкөлөрдүн зергерчиликтин «сыялоо», «сиркелетуу», «тогуз тоболо», «чыпкалоо», «тордоо», «эшүү», «сомдоо» өңдүү негизги ыкмалары менен шөкөттөлгөн түрлөрү бар. Ал эми мүйүз сөйкөнү ар кандай формада жасаса болот. Чачыларына майда шурулар тизилет. Сөйкө байчечекей, күнкарама, үч бурчтук, тегерек сымал болот. Сөйкөлөрдүн зергерчиликтин «сыялоо», «сиркелетүү», «тогуз тоболоо», «чыпкалоо», «тордоо», «эшүү», «сомдоо» өңдүү негизги ыкмалары менен шөкөттөлгөн түрлөрү бар. Ал эми мүйүз сөйкөнү ар кандай формада жасаса болот. Чачыларына майда шурулар тизилет. Сөйкө байчечекей, күнкарама, үч бурчтук, тегерек сымал болот.

Кыргак – шөкүлөнүн, такыянын, элечектин эң сырткы курчоосу. Анын эни да  ар кыл, ар кандай кездемелерден саймаланып, түрлөп асемделет. Кыргакка алтын, күмүш, акак таштар чөгөрүлүп, элечекти коздоо менен катар анын жанып, чубалып кетишинен да сактайт. Кыргак асемделишине жана жердигине жараша алтын кыргак, күмүш кыргак деп айырмаланат. Сайма кыргак, бермет же шуру кыргак, жибек кыргак, кымкап кыргак деп аталат. Алтын же күмүш же күмүш жип менен чыраштталган кыргактардын кырка этегине түрдүү формада алтын, күмүштөн куюлган майда желбирөөчтөр болот.

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

Төмөндө салттуу болгон зер буюмдарды карап чыгып, анализдедик. Мына ушунда тарыхыбыздагы баалуу асыл зер буюмдарыбызды музейлерден көрө алсак, азыркы учурда зергерлер кыз-келиндердин сөйкө, шакек, билериктерине жогорудагы ар түрдүү оюм-чийимдерди салуу менен улуттук колоритти сактап, замандын талабына ылайыктап жасашууда. Зергерчилик өнөр азыркы күндө да уланып келе жатат.

**Корутунду.** Кол өнөрчүлүктүн кайсыл гана түрүн албайлы, бардыгына тен таланттуулук, укмуштуудай көп түрдүүлүк мүнөздүү. Алар элдин ой-тилегинин, тарыхынын жана маданиятынын үлгүсү.

Ата-бабабыздын эзелки көчмөн турмушундагы үй-тиричилигин көркүнө чыгарган зергерлер, кыргыздын улуттук оюм-чийимдерин өз жумуштарына түшүрүп, көз жоосун алган көрктүү буюмдарды жаратып келишкен. Акыйкатта, ал буюмдарды улуттук оймо-чиймесиз көз алдыга элестетүү кыйынга турары жалпыга маалым. Кыргыздын улуттук оюм-чийимдери турмуштун ар кыл шартына жана жергебиздин аймактык өзгөчөлүгүнө жараша кээде өзгөрүүгө учурап, кээде өнүгүү, өсүү жолунда болуп, байып-артып келет. Элибизден чыккан зергерлер бир эле аталыштагы ою үлгүсүн бир канча көрүнүштө сүрөттөшүп, кыргыздын улуттук оймосун чексиз санга чейин жеткизишүүдө. Кыргыз зер буюмдарындагы орнаменттик иероглифанын сыры болгон «баяндамалуулук» да чеберлердин талантына таандык.

Бул өнөр адам баласы акыл-эс тарткандан баштап азыркыга чейин жашообузду коштоп келет. Кереметтүү элибиздин зергерчилик өнөрү, кыргыз оюулары аркылуу асем-буюмдар дүйнөсүнүн ички маңызын ачып, турмушубуздун салтанатын чагылдырат. Байыртадан бааланып, кадырман элибиздин сүймөнчүлүгүнө ээ болуп, сулуулугу менен жан дүйнөбүздөн орун тапкан зер буюмдарыбыздын азыркы учурда кайра жаралуусун байкасак болот.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

| | |
|---|---|
| Оймолордо табият сыры камтылган. | Ээн тамга, автордук кол тамга (жеке авторго таандык) түшүрүүгө аракеттенишет. |
| Шыктандыруучусу кооз жаратылыш болгон. Символикалуу белгилерди колдонуп, чыгарма элге таандык болгон. Күнүмдүк турмушта иймектер колдонулса, сөйкө-желбирөөчтөр салтанаттарда, кыз узатууда гана тагылган. | Шыктандыруучу мода агымы. Улуттук колорит менен мода агымын айкалыштырууга аракеттер көрүлөт. Реалдуу (сюжеттик) сүрөттөрдү (жаныбарлардын) колдонушат. |
| Сөйкө, шакек, билерик баардыгы түрдүү стилде жасалган жана түрлөнтүп тагынышкан. | Сөйкө-желбирөөч менен иймектердин ортосунда чон көлөмдөгү сөйкөлөр пайда болду. Сөйкө-желбирөөчтөр сейрек кездешүүдө. |
| Сөйкөлөрдө конус сыяктуу, тумар, тегерек формалар көп кездешет. | Комплектиге чон маани берилет. Бир стилдүү зер буюмдарды тагынуу бааланат. Формалардын түрү көп, чексиз. |
| Асыл таштарды (кораллдарды) сөйкө-желбирөөчтөрдө көп колдонушкан, ал эми кичине коломдогу иймектерди түрдүү техникаларды колдонуп, көбүнчөсүндө күмүшкө оюу түшүрүлүп гана кооздолгон. | Асыл таштарды сөйкөлөрдө көп колдонушат. |
| Жумуштар элге таандык. | Автордук эмгектер бааланат. |
| Сүрөттөр символикалуу. Бир нече стилдүү оймолор бир сөйкөдө кездеше берет. | Сүрөттөр реалдуу. Комплект толугу менен бир стилге баш ийет. |
| Топчулар кийимдерди кооздоодо чон роль ойногон. | Топчулар утилитардык гана функцияны аткарат, зер буюмдардын катарынан чыгып кетти. |

Албетте мезгил дагы өз доорун басып, зергерчиликте кенен тараган жасоо ыкмалары, оймо-чиймелер жана формалары замандын талабына жараша өзгөрүүгө учурады. Мисалга алсак, зергерчиликте зор мааниге ээ болгон сөйкө-желбирөөчтөр тилекке каршы өзгөрүүгө учурап, жоголуп кетүү коркунучунда турат. Ал эми кийимдин көркүн ачууда колдонулган күмүш оймолуу топчулар (көз тийүүдөн да коргойт деп ишенишкен) жана кыргактар турмушубузда колдонуудан чыгып калды. «Жашоосу» кыска зер буюмдарга ошондой эле иймек (чон апаларыбыз тагынчу илгич сөйкөлөр), чолпу, чачпак, сөйкө-желбирөөч да кирет. Кичине формадагы иймектер жана чоң көлөмдөгү сөйкө-жебирөөчтөр мезгил талабына жооп бере албагандыктан кыз-келиндер арасында суроо-талаптан чыгып, алардын ордун орто көлөмдөгү асыл таштар менен шөкөттөлгөн сөйкөлөр ээледи. Ошондой эле тумарлар, беш манжага тагылып, билерик менен кошоктолгон шакектер «экинчи» жашоосун улантууда. Зергерлер учур талабына ылайык заманбап стилде зер буюмдарын кайрадан жаңы көз караште, дүйнөлүк мода индустриясынын талабына ылайыктап, ошол эле мезгилде улуттук колориттин изин кетирбей жогорку денгээлдеги эмгектери жаратып жатканын көрүп, чындыгында эле улуттук зер буюмдарыбыз өзүнүн «кайра жаралуусун» баштан кечирип жатканына күбө болобуз. Уюткулуу өнөр текке кетпей, жаштардын табитине жараша, моданын ыргагынан алыстабай зергерлерибиздин колунан жаралган зер буюмдар өнүгүп, өөрчүп, калк арасына кеңири тарап, кыз-келиндердин сүйүктүү буюмдарынын арасынан өз ордун бербей келе жатканын байкай алабыз.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

Доордун мезгил сынынан өткөн зергерчилик өнөрү гүлдөп жаткан учуруна күбө болуу менен бирге, чыгармаларда улуттук колориттин оргуштап агып жатканын көрүүгө болот.

Алмустактан келе жаткан, байыркыны өзүнө камтыган оймолору аркылуу бай тарыхыбызды «баяндап» берген зер буюмдарыбызды аздектеп, барктап, анын касиетине, сулуулугуна таазим этип, аны мындан ары жоготпой даңазалап, кийинки муундарга мурас кылып өткөрүп берүү ар бир кыргыз кызынын вазыйпасы деп эсептейм. Кыргыз жүзүнө көрк берген күмүш сөйкөлөрүбүз ажарыбызды гана ачпастан касиеттүү күчкө ээ экенин унутпасак жана аларды моданын бир бөлүгү гана көрбөстөн ал улутубуздун бизге калтырган мурасы, касиеттүү оймолору тарыхыбыздын бир чымчымы экенин эстен чыгарбай, мындан ары зер буюмдарыбызды эл арасында жайылтууга жаштарды чакырып кетмекчимин.

**Адабияттар тизмеси**

1. Эволюция кыргызского орнамента древнейших до XXв [Текст]. – Бишкек: 2005.
2. Некоторые вопросы археологии и этнографии Кыргызстана [Текст]. – Бишкек: 1991.
3. Кыргызское декоративное-прикладное искусство культуры [Электронный ресурс] / Режим доступа: www. kyrgyzstantravel.net/cultura/handicraft-ru.htm .
4. Мальчик А. Ю. История народного прикладного искусства. Искусство кочевников [Текст] / А.Ю.Мальчик. - Бишкек: 2005.